## Киришүү

Бул колдонмодо КР ЖК депутаттарын шайлоонун жүрүшүн чагылдырган журналисттер туш келе турган суроолорго кыска-нуска жооптор берилген.

Мында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынан үзүндүлөр, ошондой эле тактоочу маалыматтар, мунун ичинен шайлоого катышуучу уюмдардын induk даректери жана телефондору келтирилди.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ШАЙЛОО ЖӨНҮНДӨ ЭКИ ООЗ СӨЗ

### *Шайлоону кимдер уюштурат?*

Кыргыз Республикасында шайлоо комиссияларынын төрт деңгээли бар:




**Туруктуу негизде иштейт:**

- Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссия,
- 7 облустук, Бишкек жана Ош шаардык шайлоо комиссиялары

**Шайлоо мезгилинде түзүлөт:**

- Райондук (шаардык) шайлоо комиссиялары
- Участкалык шайлоо комиссиялары

***Шайлоо өткөрүү процессине кимдер катышат?***

- Шайлоочулар - 18 жашка жеткен жарандар, бирок сот тарабынан аракетке жөндөмүсүз деп табылган же эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып турган жарандар катышпайт.
- Шайлоо комиссиялары
- Шайлоону даярдоо ишин камсыздаган мамлекеттик органдар
- Саясый партиялар
- Коммерциялык эмес уюмдар
- Байкоочулар

***Мыйзам боюнча кимдер шайлоону уюштурууга көмөктөшөт?***

- ЖМК
- Мамлекеттик бийлик органдары
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ЖӨБ
- Ички иштер жана прокуратура органдары
- Соттор
- Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер, алардын кызмат адамдары

***Шайлоону өткөрүүнүн негизги баскычтары кайсылар?***

Шайлоо дайындалган күндөн тартып шайлоонун жыйынтыктары жарыяланганга чейинки мезгил үч баскычка бөлүнөт:

- Даярдык баскычы – шайлоо дайындалган күндөн тартып добуш берүү күнүнө чейин
- Шайлоо күнү - добуш берүү күнү
- Жыйынтыктоочу баскыч – добуш берүү аяктагандан кийин

***Шайлоо кандай жүрөт?***

<u>Даярдык баскычы:</u> Добуш берүү күнүнө чейинки негизги иш чаралардын календарлык планы


| **Иш чара** | **Дата** |
|---|---|
| Талапкерлердин тизмесин каттоо же аны каттоодон баш тартуунун жүйөлүү чечими | Каттоо процесси 2010-жылдын 10-сентябрында аяктайт |
| Райондук, шаардык шайлоо комиссияларын түзүү | 2010-жылдын 21-августунан кечиктирбей |
| ЖМКга РШК/ШШКлардын курамын жана даректерин жарыялоо | 2010-жылдын 24-августунан кечиктирбей |
| Шайлоо участкаларын түзүү | 2010-жылдын 31-августунан кечиктирбей |
| Шайлоо участкаларынын тизмелерин, номурларын алардын чектери менен даректерин көрсөтүп жарыялоо | 2010-жылдын 5-сентябрына чейин |
| Участкалык шайлоо комиссияларын түзүү | 2010-жылдын 10-сентябрынан кечиктирбей |
| УШКлардын курамын жана даректерин ЖМКга жарыялоо | 2010-жылдын 12-сентябрына чейин |
| Шайлоочулардын катышуучуларынын негизги тизмесинин бир нускасын РШК/ШШК жана УШКга өткөрүп берүү | 2010-жылдын 15-сентябрынан кечиктирбей |
| Шайлоочулардын тизмелерин жалпыга таанышып көрүү үчүн берүү | 2010-жылдын 15-сентябрынан тартып |
| Эл аралык байкоочуларды чакыруу жана аккредитациялоо | Шайлоону дайындоо жөнүндө Президенттин Жарлыгы жарыяланган күндөн тартып |

| | |
|---|---|
| Шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү | 10-сентябрдан тартып, |
| Добуш берүү күнү өздөрү шайлоочулардын тизмесине киргизилген участкага келүү мүмкүнчүлүгү жок шайлоочуларга тизмеден чыгуу күбөлүктөрүн берүү | 2010-жылдын 25-сентябрынан тартып 9-октябрга чейин |
| Шайлоочулардын мөөнөтүнөн мурда добуш берүүсүн жүргүзүү | 2010-жылдын 1-9-октябрында |
| Шайлоочуларга добуш берүү орду жана убактысы жөнүндө кабар берүү | 2010-жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен |
| УШКларды добуш берүү бюллетендери менен камсыздоо | Добуш берүү күнүнөн 2-1 календарлык күн мурун |
| Шайлоону уюштуруучулар менен КР ЖК депутаттарын шайлоону өткөрүүгө даярдык маселелери боюнча республикалык селектордук кеңешме өткөрүү | Добуш берүү күнүнөн 3 күн мурун |

Шайлоо өткөрүү күнү (добуш берүү күнү)

## ***Добуш берүү кандайча жүргүзүлөт?***

## **Добуш берүү жайын уюштуруу схемасы**




Шарттуу белгилер:

**1–6 –** Добуш берүү кадамдары;

**А–Д –** УШК мүчөлөрү

**Ж –** Байкоочулар жана ЖМК өкүлдөрү

**Добуш берүү кадамдары:**

**№1 кадам.** Шайлоочу участкага келгенде, маркалоону текшерүү үчүн жооптуу комиссия мүчөсү анын бармагында байкалбас сыянын бар же жок экенин текшерет. Ал шайлоочунун бармактарына көрүнбөс сыя сүртүлө элек экендигин билиши керек. Эгер шайлоочунун бармактарына маркалоо жасала элек, ал эми тизме үчүн жооптуу комиссия мүчөсүнүн алдында кезек күткөндөр жок болсо, шайлоочу участкага киргизилет

**№2 кадам.** УШКнын тизме үчүн жооптуу мүчөсү жарандын документтерин текшерип, анын аты-жөнүн шайлоочулардын тизмесинен табат. Эгер жарандын аты-жөнү тизмеде жок болсо, арызынын жана тийиштүү участка аймагында катталгандыгы тууралуу паспортундагы каттоо белгисинин негизинде УШК бул жаранды кошумча тизмеге киргизет да, ал 3-кадамдан баштап жол-жободон өтө берет.

**№3 кадам.** Эгер шайлоочунун аты-жөнү тизмеде бар болсо, комиссиянын маркалоо үчүн жооптуу мүчөсү анын бармагына көрүнбөс сыя сүртөт.

**№4 кадам.** Шайлоочу жөнүндө маалымат тизмеге жазылат. Шайлоочу тизмеге кол коюп, бюллетень алат да, купуя добуш берүү кабинасына барат.

**№5 кадам.** Шайлоочу добуш берүү кабинасында бюллетенге купуя түрдө белги коюп, аны төрт бүктөп, добуш берүү яңигине салат. Эгер шайлоочу кандайдыр бир себептерден улам башка бирөөнүн жардамына муктаж болсо, мындай жардамды башка шайлоочу ГАНА бере алат. Бирок ал комиссиянын мүчөсү, саясый партиянын өкүлү, байкоочу БОЛБООГО тийиш!

**№6 кадам.** Шайлоочу бюллетенди төрт бүктөп, добуш берүү ящигине салган соң, участкадан токтоосуз түрдө кетет.

**ЭСИҢИЗДЕ БОЛСУН!** Шайлоочу бюллетенди добуш берүү яңигине салышы керек – бюллетенди добуш берүү жайынан АЛЫП ЧЫГУУГА ЖОЛ БЕРИЛБЕЙТ!

Жыйынтыктоочу баскыч: добуш берүү күнүнөн кийин

***Жыйынтыктар кантип чыгарылат?***

**Көңүл буруңуз!** Байкоочулар жана ЖМК өкүлдөрү добуш берүү жыйынтыктарын чыгаруунун бардык жол-жоболорун аткаруу, протоколдорду жогору турган шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү учурунда катышып турууга укуктуу.

- УШК шайлоочулардын добуштарын эсептеп, добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү протоколдорду толтурат.
- УШК добуш берүү жыйынтыктары жөнүндө протоколдорду РШК/ШШКга өткөрүп берет.
- Тутумдук администратор протоколдогу маалыматтарды РШК/ШШКнын чечими боюнча «Шайлоо» МАТына киргизет
- УШКлардын протоколдорунун негизинде РШК/ШШК маалыматтардын жыйынды таблицасын түзөт.
- Жыйынды таблица облустук ШКга берилет
- Облустук ШК маалыматтарды КР БШКга өткөрөт
- КР БШК бүтүндөй республика боюнча шайлоонун жыйынтыктарын аныктайт
- КР БШК шайлоонун жыйынтыктары аныкталгандан кийин 3 күн өтө электе бул натыйжаларды басма сөзгө жарыялайт.

## ШАЙЛООНУ КАНДАЙ ЧАГЫЛДЫРУУ КЕРЕК?

***Шайлоону чагылдырган ЖМКлар мыйзам боюнча эмне кылууга укуктуу?***

- Калыстыктан тайбастан, **шайлоочуларга маалымат берип туруу** (ШКо, 6-бап).
- **Үгүт жүргүзүү** – үгүт материалдары үчүн орун берет.

***ЖМКнын шайлоону чагылдырууда кармана турган негизги принциптери кайсылар?***

- **Аныктык**

  Жалган маалымат таратты, жалаа жапты же шайлоочунун ар-намысына акаарат келтирди деген айыптоого кабылбоо үчүн эфирге чыгарууга жана басууга даярдалып жаткан бардык материалдар менен маалыматтар ТЕКШЕРИЛҮҮГӨ ТИЙИШ.

- **Мыйзам чегинде иш жүргүзүү**

МҮМКҮН ЭМЕС:

* Үгүт жүргүзүү эрежелерин бузуу (ШКо, 6-бап)

* Төгүндөө же түшүндүрмө мезгилдүү басылмаларда атайын рубрика астында, ал эми ТВ жана радиодо – келип түшкөн күндөн кийинки чыгарылышта берилет.

* Шайлоочулардын атына жалаа жабуу жана акаарат келтирүү (КР ЖК 127 жана 128-беренелер).

* Мыйзамда тыюу салынган мезгил аралыгында, тактап айтканда, үгүт мезгили башталганга чейин жана добуш берүү башталганга 24 саат калгандан тартып (АЖКо,54-бер.)

* Анонимдүү басма материалдарды даярдоо жана таратуу (ШКо, 35-бер)

***Үгүт жүргүзүүгө кимдердин укугу жок?***

Төмөнкүлөрдүн үгүт жүргүзүшүнө, ар кандай үгүт материалдарын таратуусуна тыюу салынат:

1. мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлердин, аскер кызматчылардын, укук коргоо жана фискалдык органдардын өкүлдөрүнүн – жетекчилик же кызмат милдеттерин аткаруу учурунда
2. аскердик бөлүктөрдүн, аскер мекемелердин жана уюмдардын
3. кайрымдуулук уюмдарынын жана диний бирикмелердин, ошондой эле алардын мүчөлөрүнүн жана өкүлдөрүнүн

4. шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн
5. чет мамлекеттердин жарандарынын жана уюмдарынын
6. жашы 18ге толо электердин, жарандыгы жок адамдардын
7. эл аралык уюмдардын жана эл аралык коомдук кыймылдардын
8. байкоочулардын, анын ичинде эл аралык байкоочулардын
9. соттордун
10. журналисттердин, башка чыгармачыл кызматкерлердин жана ЖМК редакцияларынын кызмат адамдарынын, эгерде алар талапкер же алардын өкүлдөрү болуп эсептелишсе шайлоону чагылдырууга катышууга болбойт.

***ЖМК жарыялоого берилген материал үчүн жооп берип калуудан кантип сактанууга тийиш?***

Тейлөө кызматын көрсөтүү жөнүндө келишим түзүп, саясый партиянын, коммерциялык эмес уюмдун, шайлоочулардын (шайлоону жактаган же ага каршы турган топтун) ыйгарым укуктуу адамынын жазуу түрүндөгү макулдугун алуу жана акырында аткарылган жумуштар актысына кол койдуруу зарыл. Үгүт материалдарын жайгаштыруу процессиндеги бардык документтерге жогоруда саналган уюмдардын жана органдардын ыйгарым укуктуу өкүлү кол коюп, мөөр менен тастыктайт.

***Эгер кесиптик тапшырма аткаруу учурунда журналисттин көмөкчү каражатын (диктофонун, камерасын ж. у. с.), ошондой эле шайлоону чагылдыруу үчүн даярдалган материалын тартып алышса, эмне кылуу керек?***

Укук коргоо органдарына жана сотко кайрылуу зарыл. («Журналисттин кесиптик ишмердигин коргоо жөнүндө» мыйзам, 4, 5, 8, 9, 13-беренелер).

## МЫЙЗАМДАР

***Журналисттин мыйзамда бекитилген кандай уктуктары бар?***

- Мамлекеттик органдардан, жарандардын өз алдынча башкаруу органдарынан, коомдук бирикмелерден, ишканалардан, мекемелерден жана уюмдардан коомдук мааниси бар маалыматты талап кылуу жана алуу (ЖКИКМ 5-бер.);
- Мамлекеттик же башкача корголуучу сыр болуп саналгандардан, ошондой эле ачыкка чыгарылышына чек коюлгандардан башка документтер, материалдар жана маалыматтар менен таанышып көрүү (ЖКИКМ 5-бер.);
- Журналисттик иликтөө жүргүзүү (ЖКИКМ 5-бер.);
- Тийиштүү шайлоо комиссиясынын чогулуштарына катышуу (ШКо 17-бер. 2-п.,18-бер. 13-п.), тийиштүү шайлоо  комиссияларынын протоколдорунун тастыкталган көчүрмөсүн алуу, шайлоо комиссиясынын төрагасы көрсөткөн жерден туруп маалымат программалары үчүн видеого тартуу. (ШКо 18-бер. 13-п.)
- Добуш берүү күнү шайлоо комиссиясынын иши башталгандан аяктаганга чейин шайлоо участкасында болуу (ШКо 17-бер. 5-п.), бул үчүн атайын таанытма тагынып жүрүү (ШКо 17-бер. 7-п.)

***Журналисттин кандай милдеттери бар?***

- Өз ишин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын катуу сактоо

***ЖМКнын мыйзамда бекитилген кандай укуктары бар?***

1. Тийиштүү шайлоо комиссиялардын чечимдерин жана маалыматтарын жарыялоо (ШКо 11-бер. 1-3-п., 17-бер. 4-п., 19-бер. 7-п., 20-бер. 4-п., 21-бер. 6-п., 27-бер. 10-11-п., 47-бер.1-п., 48-бер. 3-п., 61-бер. 3-п., 66-бер. 2-п., 76-бер. 2-п., 77-бер. 7-п.).
2. Калыс, анык маалымат материалдарын жарыялоо. (ШКо 30-бер. 3-п.).

3. Үгүткө катышуу. Бул үчүн (КР БШК белгилеген мөөнөт ичинде) эфир убактысы жана басма аянты үчүн төлөө шарттары тууралуу жарыялап, ушул эле мөөнөт ичинде КР БШКга кабарландырма берүү (ШКо 30-бер.). Шайлоону чагылдырууга катышуу үчүн БШК тарабынан аккредитацияланган ЖМКлардын тизмесин КР БШК төмөнкү сайтынан табууга болот: **www.shailoo.gov.kg**

### *ЖМКлардын кандай милдеттери бар?*

1. Бул ЖМКларда жарыяланган материалдар үчүн акыны саясий партиялардын шайлоо фонддорунан гана алуу (ШКо 51-бер.);

2. Саясый партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын, референдум катышуучуларынын ЖМКдагы чыгуусун үзүлүп калбагыдай кылып, түшүндүрмөсүз уюштуруу (ШКо 32-бер. 5-п.)

3. Эфир убактысын жана басма аянтын берүүдө бардык саясый партияларга, коммерциялык эмес уюмдарга, шайлоочуларга бирдей шартты камсыздоо. (ШКо 32-, 33-бер)

4. Коомдук пикирди сурамжылоонун жыйынтыктарын жарыялоодо (чагылдырууда) (добуш берүү күнүнө чейинки соңку 5 күндөн башка убакта, (ШКо 30-бер. 6-п.) сурамжылоочу уюмду, өткөрүү убактысын, ордун, иргеп алуу кандайча жүргүзүлгөндүгүн, маалымат чогултуу усулун, статистикалык ыктымал кемчиликтерин, сурамжылоону кимдер буюртуп (заказ кылып), каржылагандыгын милдеттүү түрдө атап көрсөтүү (ШКо 30-бер. 5-п.)

5. Үгүт жүргүзүүгө 10-сентябрдан тартып катыша баштап, добуш берүүгө 24 саат калганда үгүт жүргүзүүнү токтотуу (ШКо 31-бер.)

## КЕСИПТИК ЭТИКА

***Шайлоону чагылдырууда Кыргызстан Журналистинин этикалык кодексинин төмөнкү жоболорун сактаган оң.***

**1-берене.** Журналист коомдун демократиялашуу процессине, Кыргызстандын көп улуттуу элинин ынтымагына, ошондой эле өлкөдөгү экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөрдү ишке ашырууга көмөктөшүшү керек.

**5-берене.** Журналисттин жеке кызыкчылыгы анын кесиптик ишинин жыйынтыгына таасирин тийгизбеш керек. Журналист өзүнүн жеке кызыкчылыктары жана өз үй-бүлөсүнүн кызыкчылыктары тиешелүү болгон чөйрө тууралуу ЖМКнын жетекчилигин кулак кагыш кылышы зарыл.

**6-берене.** Журналист кандайдыр бир партияда мүчө болуудан, саясий ишмердиктен, мамлекеттик кызматта жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштөөдөн оолак болушу керек. Андай болбосо ал өз иши тууpасында өз окурмандарына, угармандарына жана көрүүчүлөрүнө кабарлоого милдеттүү.

**7-берене.** Журналист жалпыга маалымдоо каражаттарын коомдун кызыкчылыгына, адамдын жана жарандын укуктарына каршы пайдаланышына, согушту, зомбулукту, расалык, улуттук, жыныстык, жердештик, диний, сексуалдык жана социалдык касташууну пропагандалоо максатында колдонушуна жол берилбейт. Материалдарды даярдоодо журналист айрым адамдын (же адамдардын) тиешелүү белгилерин, ошондой эле тышкы жана психи-

калык өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүдөн оолак болушу керек, бирок буга ошол маалымат журналисттик материалдын ажырагыс бөлүгү болгон учурлар кирбейт.

**10-берене.** Тартылган сүрөттөрдү жана аларга коюлган колдорду, тексттерди, материалдардын аталыштарын редакциялоодо материалдарды бурмалоого жол берилбейт. Материалдардын тексттери, интерчуулар, маектер тартылган материалдын видеотизмегине туура келиши керек. Фактыларды, божомолдорду жана пикирлерди бири-биринен даана бөлүү зарыл

**17-берене.** Журналист карама-каршы тараптардын, анын ичинде журналисттин сынына кабылган адамдардын пикирлерин тең салмактуу бериш керек.

**18-берене.** Социалдык иликтөөлөрдүн маани-маңызын бузган тандалма цитаталарды колдонууга жол берилбейт. Белгилүү жыйынтыкка жетүү максатында калк арасындагы сурамжылоолорду бурмалоого болбойт. Журналист өз материалынын каармандарына тигил же бул көрүнүштөргө жана окуяларга терс же оң пикирин билдирген анонимдүү эксперттердин сөздөрүн колдонуудан баш тартышы керек.

**1-тиркеме**

## Терминдер сөздүгү

**Үгүт материалдары –** шайлоону даярдап өткөрүүнүн жүрүшүндө кеңири таратуу, жарыялоо үчүн даярдалган, шайлоо алдындагы үгүт белгилери бар басма, уктуруу-көрсөтүү (аудиовизуалдык) жана башка материалдар;

**Маалымат программасы –** мезгилдүү түрдө берилип туруучу, утурумдук окуялар жана жаңылыктар жөнүндө маалыматтарды чагылдырган теле- жана радиопрограмма;

**Шайлоону маалымат жагынан камсыздоо –** шайлоочуларга маалымат берип туруу жана үгүт жүргүзүү;

**Шайлоочуларга маалымат берүү –** шайлоону даярдап өткөрүү мезгилинде шайлоочулардын бүткүл элдик добуш берүү жол-жоболорун түшүнүүсүнө, аң сезимдүү түрдө өз эркин билдирүүсүнө, шайлоонун ачык-айкындыгын камсыздоого өбөлгө түзүүчү маалыматтарды даярдоо жана жайылтуу ишмердиги.

**Үгүт –** шайлоону даярдап өткөрүү мезгилинде шайлоочулардын шайлоого катышууга же ага каршы турууга, саясый партиялардан талапкерлердин тизмесин жактап же же аларга каршы добуш берүүгө түртүүчү, шайлоону өткөрүүгө же андан баш тартууга чакырган маалыматты даярдап таратуу ишмердиги.

**Добуш берүүнүн жыйынтыктары –** добуш берүүнүн шайлоо комиссиялары протоколдордун негизинде аныктаган натыйжалары.

**Шайлоонун натыйжалары –** КР БШК добуш берүүнүн жыйынтыктарынын негизинде аныктай турган маалымат.

***!!! Төмөнкү терминдерди туура колдонуңуздар (булардын так аныктамасын ШКо 8-бер. таба аласыздар):***

***Мааниси жагынан айырмалануучу терминдер***

добуш берүү жыйынтыктары – шайлоонун натыйжалары

жашаган жери – убактылуу турган жери

туруктуу жашаган жери – көбүнчө жашаган жери

Шайлоочулардын негизги тизмеси – шайлоочулардын кошумча тизмеси

**Бюллетендердин классификацияланышы (түрлөргө ажыратылышы)**

- жарактуу бюллетендер
- белгиленбеген формадагы бюллетендер,
- жараксыз бюллетендер
- бузулган бюллетендер
- пайдаланылбаган бюллетендер
- жокко чыгарылган бюллетендер (бузулган жана пайдаланылбаган бюллетендер)

**Мааниси дал келген терминдер**

Шайлоо күнү жана добуш берүү күнү

**2-тиркеме**

## КР мыйзамдарынан үзүндүлөр

***КР Конституциясы (үзүндүлөр)***

29-берене
2. Ар бир адам  кат-кабар алышууга, телефондук жана башка сүйлөшүүлөргө, почта, телеграфтык, электрондук дагы бөлөкчө жол менен кабарлашуулардын купуялуулугуна укуктуу

31-берене
1. Ар ким эркин ой жүгүртүүгө жана өзүнчө пикирге ээ болууга укуктуу

2. Ар ким өз пикирин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине укуктуу

3. Эч ким пикирин билдирүүгө же андан баш тартууга мажбурланууга тийиш эмес

33-берене
1. Ар ким маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма менен жайылтуу укугуна ээ

***КР «ЖМК жөнүндө» мыйзамы (үзүндүлөр)***

*23-берене*
*Ачык таратууга болбогон маалыматтардын тизмеги:*

- инсандын ар-намысына жана кадыр-баркына доо келтирген;

- карандай калп маалыматты жарыялоо.

***Журналисттин кесиптик ишмердигин коргоо жөнүндө мыйзам (ЖКИКМ)***

*4-берене*

Кыргыз Республикасында жалпыга маалымдоо чөйрөсүндө цензурага жол берилбейт.

*8-берене*

Журналист кесиптик милдеттерин аткарууда инсандын кол тийгистик кепилдигинен пайдаланат.

Сын материалдарды жарыялагандыгы үчүн журналистти куугунтуктоого жол берилбейт.

*9-берене*

Журналисттин кесиптик ишмердигин жүргүзүү учурунда алган материалдарын жана документтерин сот тартибинен башка шартта алып коюуга же тинтип көрүүгө болбойт.

**3-тиркеме**

## Үгүт жүргүзүү шарттары

| Кандай ЖМКлар? | | Кандай шартта? | Канча? |
|---|---|---|---|
| Мамлекеттик жана салык төлөө жагынан жеңилдиктери бар (Шко 30-бер. 16-п.) | Телерадио уюмдары | Бардык саясый партиялар, КЭУ-лар, шайлоочу-лар үчүн бирдей шартта акы төлөнөт. | Акы төлөнүүчү 1 сааттан көм эмес. |
| | | Акысыз | Акысыз 1 сааттан көм эмес. Мындайда акысыз эфир убактысынын жалпы көлөмүнүн 1/2синен кем эмес бөлүгү талаш-тартыштарды жүргүзүү, талкууларды, “тегерек столдорду” ж. у. с. биргелешип өткөрүү үчүн берилиши керек |
| | Басылмалар | Бардык саясый партиялар, КЭУ-лар, шайлоочу-лар үчүн бирдей шартта акы төлөнөт | А5 форматындагы 1ден кем эмес акы төлөнүүчү бет. |
| | | Акысыз | А5 форматындагы 1ден кем эмес акысыз бет. |

| | |
|---|---|
| Мам. эмес ЖМК | Акы төлөөнүн өлчөмдөрү жана шарттары жөнүндөгү мурда жарыяланган маалыматтарга ылайык. |
| Башка | Бардык басма, аудиовизуалдык үгүт материалдарында ошол материалдарды даярдаган уюмдун аталышы жана юридикалык дареги (адамдын Ф.А.Ж. жана жашаган жери), бул материалдарды буйруткан уюмдун аталышы жана юридикалык дареги (адамдын Ф.А.Ж. жана жашаган жери), ошондой эле чыгарылыштын нускасы жана датасы жөнүндө маалымат камтылышы керек. |

## Керектүү байланыш

| Ф.А.Ж., кызматы | Телефон номуру |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясы** | |
| **САРИЕВ<br>Акылбек Аблабекович**<br>*КР БШК төрагасы* | **62 08 21<br>(кабылдама)** |
| **АКМАТОВ<br>Жеңишбек Аманбаевич**<br>*КР БШК мүчөсү* | **62 08 24<br>0555 99 07 42** |
| **АБДЫКАЛЫКОВА<br>Айнура Жолдошбаевна**<br>*КР БШК мүчөсү* | **62 63 38<br>0772 51 05 15** |
| **БАПАНОВА<br>Жаркын Базановна**<br>*КР БШК мүчөсү* | **62 63 38<br>0555 80 58 99** |
| **БАЯЛИНОВ<br>Абдысамат<br>Жылтырович**<br>*КР БШК мүчөсү* | **66 48 62<br>0555 00 71 09** |
| **ИРИСКУЛБЕКОВ<br>Эрик Белекович**<br>*КР БШК мүчөсү* | **0555 75 93 63** |

| | |
|---|---|
| **КОРСУНСКИЙ**<br>**Михаил Анатольевич**<br>*КР БШК мүчөсү* | **62 63 77**<br>**0555 23 14 68** |
| **ЛИ**<br>**Антонина Семеновна**<br>*КР БШК мүчөсү* | **626290**<br>**0777 970970** |
| **ШЕРИПОВ**<br>**Нурлан Турганбекович**<br>*КР БШК мүчөсү* | **62 62 85**<br>**0543 91 66 03** |
| **МАМАРАИМОВ**<br>**Абдумомун Маткалыкович**<br>*КР БШК мүчөсү* | **62 63 77**<br>**0773 51 74 56** |
| **ЖАНЖАЛБЕКОВ**<br>**Мурадиль Жанжалбекович**<br>*КР БШК мүчөсү* | **62 62 85**<br>**0550 15 48 54** |
| **АРГЫМБАЕВ**<br>**Мырзабек Искенович**<br>*Уюштуруу-укук бөлүмү* | **66 51 86**<br>**0550 55 77 04** |
| **Заместитель заведующе-го отделом** | |

| | |
|---|---|
| *Шайлоо технология-лары бөлүмү:* **ИСАКОВ Берик Сайдинович - бөлүм башчысы** | **62 62 86<br>0550 01 13 08<br>0772 36 00 00** |
| **ДАВКИНА Надежда Николаевна «Шайлоо» МАТ тутумунун иштөөсүн камсыздоо сектору** | **62 08 26<br>0550 55 77 27** |
| *Юридикалык бөлүмү:* **Абдыбекова Жыл-дыз Мелисбековна – бөлүм башчысы** | **62 62 55** |
| *Каржылык-техникалык жактан камсыздоо бөлүмү:* **САЛЫКБАЕВА Бактыгүл Джусупов-на - бөлүм башчысы** | **62 63 86<br>0550 55 77 02** |

| Шайлоо прцессинин башка катышуучуларынын байланыш маалыматтары: | |
|---|---|
| «Журналисттер» КБ | 56 34 63 |
| Медиа Полиси институту | 59 54 67<br>www.media.kg |
| «Демократия жана демократиялык коом үчүн коалициясы»<br>Динара Ошурахунова | 47 04 21<br>90 03 24 |
| «Таза Шайлоо» ассоциациясы<br>Айнура Усупбекова | 47 16 27<br>61 04 35 |
| Жарандык көзөмөл комитети<br>Мамбеталиева Татту | 54 04 40,<br>54 14 76 |
| «Адилет» укуктук клиникасы<br>Жакупова Чолпон | 39 23 50 |

**«Kirland» Типографиясында басылды**

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.,
мкрн. Аламедин-1, 75
Тел.: 63-01-10, 63-18-40
Факс: 63-39-56
E-mail: kirland@infotel.kg

А6 форматы. Arial гарнитурасы.
Нускасы 400 экз. Заказ № 253